| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>СОКУЛУК АЙЫЛ<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**29.09.2023ж № 02-6/32**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча**

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын, Элдик курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоону уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы №1 чечими менен бекитилеген жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченеми боюнча түшүндүрмөсү, Элдик курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планы жана Элдик курултайды өткөрүүнүн иш-чаралар планын, Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын каттарын негизинде, Сокулук айылдык кеңешитин XX1X – чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1.2023-жылдын 16 - 26 октябрына чейин Сокулук айылдык аймакта өкүлчүлүктүү жыйындар өткөрүлсүн.

2.Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүү ченеми боюнча тушүндүрмөнүн негизинде аймактын жашоочуларынын санына жараша, нормага ылайык жалпы саны 100 делегат болуп бекитилсин.

3.Айыл аймактын жашоочулардын санын, көчөлөрдүн санын жана жаны конуштардын санын эске алып 5 (беш) участокторго бөлүнсүн :

1.Участок №7211 - 20 делегат
2.Участок №7212- 20делегат
3.Участок №7213 - 20 делегат
4.Участок №7214 - 20 делегат
5.Участок №7215 - 20делегат

жана ар бир участоктон 20 дан делегаттар шайлансын.

4.Сокулук айыл аймакта делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү графиги бекитилсин. (1-тиркеме).

5.Өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүгө жоопту айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси бекитилсин (2-тиркеме).

6.Өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы бекитилсин (3-тикреме).

7.Сокулук айыл аймагында делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планы бекитилсин (4-тиркеме).

8.Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.

**Төрайым** **З.Дж.Саткеева**